УДК:101.1 (572.2)

*Акматова Н.С., филос.и.к., nazgul-akmatova@bk.ru*
*Асанов Ж.К., филос.и.к., Asanov.zhanysh@mail.ru*
*КР УИАнын А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институту*

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭКОЛОГИЯЛЫК КААДА-САЛТТАРЫНЫН УЛУТТУК ИДЕЯДАГЫ ЭЭЛЕГЕН ОРДУ

# МЕСТО ЭКОЛОГИЧЕСКИХ ТРАДИЦИЙ В НАЦИОНАЛЬНОЙ ИДЕИ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

# THE PLACE OF THE NATIONAL IDEA IN THE ECOLOGICAL TRADITIONS OF THE KYRGYZ PEOPLE

***Аннотация**: Аталган макалада этностун социомаданий өнүгүүсүнүн жүрүшүндө калыптанган экологиялык каада-салттар каралып, өзүнө табиятты пайдалануунун, дүйнө таанымдын, курчап турган чөйрө туурасындагы элестөөлөрдүн тажрыйбасын, ыкмалары менен жөндөмдөрүн камтып турат. Алар адамдардын табият менен бирдиктүү иш-аракеттердеги этноэкосистеманын туруктуу абалын колдоонун шарты болуп эсептелет.*

***Түйүндүү сөздөр**: экологиялык каада-салттар, улуттук идея, маданият, маданий мурас, цивилизация, экологиялык маданият, табият, дүйнө тааным.*

***Аннотация:** В статье рассматриваются экологические традиции, которые формируются в ходе социокультурного развития этноса и включают в себя опыт, приемы и навыки природопользования, мировосприятия, представления об окружающей среде. Они являются условием поддержания устойчивого состояния этноэкосистемы во взаимодействии людей с природой.*

***Ключевые слова**: экологические традиции, национальная идея, культура, культурное наследие, цивилизация, экологическая культура, природа, миропонимание.*

***Abstract:** This article is describing ecological traditions that are formed in the course of the sociocultural development of an ethnos and include experience, techniques and skills in environmental management, world perception, and ideas about the environment. They are a condition for maintaining the steady state of the ethno ecosystem in the interaction of people with nature.*

***Key words:** ecological traditions, national idea, culture, cultural heritage, civilization, ecological culture, nature, world outlook.*

Маданий-цивилизациялык өнүгүүнүн диалектикасы тастыктагандай, этностордун, улуттардын рухий дөөлөттөрүнүн өнүгүшүндө кылымдардын, доорлордун кыйырында калктардын болумунда шайкеш функцияланган каада-салттар өзгөчө орунду ээлейт. Өзүнө таандык дүйнө таанымы, көөнөрбөс маданияты, руху менен мүнөздөлгөн элибиздин, тактап айтсак, улутубуздун идеясы, идеалы, негизинен, анын салттуулугунан өзөк алгандыгы белгилүү. Мындай жагдайдан алганда кыргыздардын экологиялык каада-салттары да этностун, улуттук идеянын калыптанышында зор роль ойногону белгилүү.

Кыргыз элинин экологиялык каада-салттары улуттук идеянын жаралышынын куралы катары кызмат кылары баарыбызга эле маалым. Андыктан биз кеп нугун экологиялык каада-салттар деген эмне, улуттук идеянын калыптанышында ал кандай ролду аткарарына бурсак. Экологиялык каада-салттарды ар кыл маданияттарда, алардын өнүгүү процесстеринде, башка социалдык-маданий каада-салттар менен шайкеш тарыхый прогрессинде жана бирдиктүү иш-аракеттеринде терең жана ар тараптан изилдөө олуттуу мааниге ээ. Баарынан мурда, планетардык масштабдагы түзүлгөн бүгүнкү татаал экологиялык кырдаал, заманбап дүйнөдөгү антропологиялык маселелердин пайда болуусунун жана бирден-бир экологиялык жагымсыздыктын себеби болуп эсептелген адамдардын табият менен болгон карым-катнаштарындагы керектөөчүлүк-технократиялык стереотиптердин алдын алуудагы, элдердин маданий-тарыхый мурасындагы баалуулуктардын зарылчылыктарын өздөштүрүү менен шартталган. Ушуга байланыштуу жарандар менен табияттын, коом менен жаратылыштын өз ара мамилелерин тескөөнүн уникалдуу

методдорун иштеп чыккан ар кыл элдердин социалдык-экологиялык тажрыйбаларынын, каада-салттарынын маданий-рухий дараметине философиялык ой жүгүртүү - бүгүнкү күндүн талабы.

Илимий адабияттарда «экологиялык каада-салт» түшүнүгү салыштырмалуу бир аз убакыттан бери эле пайдалана баштады, эреже катары, «экологиялык маданият» түшүнүгү менен жакындаштырылат. Экологиялык маданияттын болумдук функцияланышынын ар кыл аспектилери (философиялык, социологиялык, этикалык, гуманисттик, маданий-тарыхый ж.б.) А.М.Галееванын, Э.В.Гирусовдун, М.А.Голубцынын, А.А.Гореловдун, Ю.Н.Давыдовдун, Г.А.Давыдованын, С.Кагандын, Е.А.Когайдын, В.А.Кутыревдун, В.С.Липицкийдин [1] ошону менен бирге ата мекендик изилдөөчүлөр, маселен, Т.А.Абдылдаев, Э.Дж.Шукуров, К.Дж.Боконбаев, А.Б.Бакиров, О.А.Тогусаков, М.Ж.Жумагулов ж.б. эмгектеринде кеңири чагылдырылган. Демек, элдердин социалдык-экологиялык тажрыйбасына, анын маданий-рухий баалуулугуна карата ой жүгүртүү түрдүү багыттардагы чет элдик эле эмес, Кыргызстандагы изилдөөчүлөрдүн зарыл иликтөө объектиси болуп калды. Маданий-цивилизациялык өнүгүүдө, белгилүү болгондой, табият менен адамдардын биримдигин аңдап билүү маселеси байыркы элдердин мифологиялары менен диндеринде да кеңири кездешип, башат алгандыгы белгилүү. Бул жагдай эске алынып, байыркы мезгилде пайда болгон экологиялык аң-сезимди чагылдырган мифологиялык элестөөлөрдү анализдөөгө Ф.Х.Кессидинин, Л.Леври-Брюлдун, К.Леви-Стросстун, А.Ф.Лосевдин, В.М.Элиаденин ж.б. изилдөөлөрү арналган. Экологиялык маселелерди, айрыкча экологиялык салттуулуктун маани-манызын түшүнүүдө чет элдик иликтөөчүлөрдүн, маселен, Р.Дажонун, Ю.Одумдун, Ф.Сен-Марктын, Ф.Хесленин ж.б эмгектери өзгөчө кызыгууну жаратат.

Кыргыздардын экологиялык маданиятынын, ага шайкеш салттуу этникалык идеясынын ар кыл аспектилерин акыл-ой сересинен өткөрүү зарылдыгы заманбап этнографиялык, тарыхый-маданий, социалдык-философиялык, гуманисттик-экологиялык адабияттарда, айрыкча калкыбыздын экологиялык аң-сезимин, көз карашын, баалуулуктарын, салттуулуктарын анализдөөдө ачык байкалууда. Ошондой болсо да кыргыз этносунун, улутунун экологиялык каада-салттарынын маани-маңызына, мазмунуна, баалуулук ориентациясына катышы бар эмгектерде алардын илимий-териялык нукта каралышы азыноолак маанайда болуп, кутман элибиздин экологиялык каада-салттары жалпысынан атайын философиялык анализдин предмети боло электигин билдирет.

Коом менен табияттын, адамдар менен табигый чөйрөнүн ааламдашуу шартындагы өз ара татаал, көп кырдуу мамилелери, карым-катыштары, алардын этникалык, улуттук болмуштагы проекциясы жалпы эле экологиялык маданият дүйнөсүн, айрыкча экологиялык салттуулуктун функциялануу, уюштурулуу өзгөчөлүгүн, алардын калктын өздүк идеясына, таасирлерининин мазмунуна болгон илимий-териялык экспликациялоонун зарылдыгын көрсөтүүдө. Бул контексте Н.Н.Киселев баса белгилегендей, улам жакындап келе жаткан экологиялык кризистин шарттарында «заманбап экология адамзаттын пайда болуусунун фундаменталдык тараптарын ушунчалык жогорку деңгээлде козгоп, көтөрүп жатат, ошондуктан бизди социотабият туурасындагы билимдердин көп түрдүүлүгүнүн синтезине күчтүү берилген тенденцияларды жеке методологиялык багыттагы болгон, дайыма болуп туруучу маселелерди карoоого мажбурлап жатат» [2].

Этникалык, улуттук маданияттын мазмундуу багытын көрсөтүү менен экологиялык каада-салттар маданий баалуулуктардын, улуттук идеянын бүтүндөй эле рухий дөөлөттөрдүн экологиялуулугун туюнтуп, адамдардын, жамааттардын, социумдардын жана жалпы эле коомдун жаратылыштын көп түрдүүлүгүнө карата татаал мамилелерининин, алака-катыштарынын социомаданий тажрыйбанын контекстинде чагылышы, туюнтулушу болуп саналат. Экологиялык салттар эволюциялык, конкреттүү-тарыхый жана этникалык мүнөзгө ээ. Ошондуктан, кыргыздардын экологиялык каада-

салттары «кылымдарды карытып», муундан муунга берилип, байып, көөнөрбөс баалуулуктарын сактап, жарандарыбыздын табияттык чөйрөнүн баркын, нарктуулугун сезип-туюп, аны менен жандуу, таттуу, аёо мамилелерде болушун билдирет. Бул мааниде экологиялык салттуулук өзүнүн маңызы боюнча социотабигый болмуштун функцияланышынын маданий-рухий негиздеринин олуттуу багыты болуп саналат.

Кутман элибиздин жаратылыш объектилерине, кубулуштарына, процесстерине карата шайкештикке, гармонияга умтулуу мамилесин билдирүү менен экологиялык каада-салттар «жарандар-жамааттар-табият» биримдигиндеги аныкталган, такталган, эрежеге, көндүмгө, жөрөлгөгө, жакшы жышаанга, калыптанган жүрүм-турумга айланган, жазылбаган мыйзамдуулук катарып сезилип, адамдардын ички рухий дүйнөсүнө, жашоо-ойлом идеялына өзөк болгон жол-жоболор (императивдер) топтомун көрсөтөт. Дегеле жарандардын, социумдардын, табигый чөйрөгө карата мамилелеринин көп кырдуулугун, татаалдыгын эске алсак, экологиялык салттар да терең мазмундуу болуп, адамдардын табият объектилерин (маселен, Күн, Ай, Жер, от, жаратылыштык стихиялуу күчтөр ж.б.) кабылдоо, элестетүү, пайдалануу; турмуш-тиричиликке колдонуу; алардын кооздугунан ырахат алуу; атуулдардын табигый күчтөр менен ажырагыс биримдигин сезүү, өзүлөрү үчүн табияттык предметтер субстанциалдык-генетикалык башат, жашоо өзөгү, болмуштук негизи экендигин туюп-билүү жагдайларын мүнөздөйт. Ошондуктан дүйнө элдеринин, анын ичинде кыргыздардын экологиялык каада-салттарынын көп түрдүүлүктүн биримдиги катары маданий-цивилизациялык мейкиндикте жана этникалык-социалдык мезгилде (убакытта) ар кандай жагдайда функцияланышы мыйзамдуу көрүнүш.

Кыргыздардын этникалык, улуттук идеясынын калыптанышынын өбөлгөлөрүнүн бири болгон экологиялык каада-салттардын маани-маңызы жана мазмуну туурасында азыноолак кеп кыла турган болсок, алардын салттуулуктар түзүмүндө олуттуу орунда табият, анын түрдүү көрүнүштөрү туурасындагы билимдер турат. Жаратылыш, ага болгон карым-катнаш туурасындагы этностук элестөөлөр, жөрөлгөлөр, жышаандар экологиялык даанышмандык, идея (ой чабыт, идеал) менен сугарылган. Көчмөн-кыргыздар үчүн табият күнүмдүк жашоону камсыз кылуудагы табигый ресурс, байлык эле эмес, рухий, социалдык-маданий байланыштардын калыптануусу жана өнүгүүсү үчүн чоң өбөлгө катары элестетилген. Табияттын стихиялуу күчтөрүнө, кубулуштарына, объектилерине сыйынуусу (культу) же салты калктын дүйнө көз карашынын борборунда турган. Табиятты бир бүтүндүк иретинде кабылдоо, ага жандуу, ыйык башат катары мамиле кылуу эрежеси экологиялык каада-салттардын бирден-бир башкы көрүнүштөрүнөн болуп саналат. Кыргыздардын жаратылышка карата табынуусун, сыйынуусун билдирген экологиялык каада-салттары анын объектилерине карама-каршы коюлган эмес. Ал тургай, мындай салттуулукта табияттан бөлүнүп, алыстап кетүү ниети да болбогон. Андан сырткары, экологиялык маанайдагы регуляциялоонун (үрп-адат, көндүм, стереотип, норма) маңызын, мазмунун курчап турган табигый чөйрөдөн сырткары элестетүү кыйын болгон.

Реалдуу дүйнөнү дайыма өзгөрүүдө болуучу бир бүтүндүк катары кабылдоонун өзү кыргыздардын экологиялык каада-салттарынын негизин түзө алган, андагы күнүмдүк тажрыйбанын, байкоо жүргүзүүнүн жетишкендиктерин өзүнө камтыган көптөгөн процесстер, көрүнүштөр, алардын байланыштары туурасындагы элестөөлөрү, стереотиптери этникалык идеянын, идеалдардын жана жүрүм-турумдун калыптанышын шарттаган. Ошондуктан кыргыздардын бүтүндөй жашоо-турмушу экологиялык каада-салттарды (эрежелерди, нормаларды, жөрөлгөлөрдү ж.б.у.с.) калетсиз сактоо аркылуу өткөн. Жашоо ишмердүүлүктөрүнүн ишке ашырылышында жана чарба жүргүзүү жагдайларында жамаат, жарандар табиятка эч залал келтирбөөгө аракет кылышкан, мындай жагдай туурасында элдик оозеки чыгармачылыкта кеңири маалымат берилип, адамдардын табиятка болгон мамилеси, б.а., жаратылыш адамга тийиштүү болбой, адамдар өзүлөрү анын ажырагыс (органикалык) бир бөлүгү болуп эсептелери кеңири

чагылдырылган. Кутман элибиздин күнүмдүк ой-жүгүртүүлөрүндө, иш-аракеттеринде эң оболу жашоонун бирден-бир зарыл булагы - табиятка гана кайрылышкан, ага ылайыкташкан. «Табияттан көз каранды болуу, ага чоң сый-урмат көрсөтүү ошол мезгилдердеги кыргыздардын салттуу ишенимдерин мүнөздөп турат» [3]. Жаратылышка сыйынуу, табынуу салты көпчүлүк учурларда анын табигый көрүнүштөрүнүн адамдарга дем берүүсүндө байкалган. Бул шарт табияттын негизги күчтөрүнүн калктын жашоо-тиричилиги үчүн зарылдыгын билдирет. Байыртадан бери элибизде кеңири тараган салттуу ишенимде табият - бул кандайдыр-бир жогорку күч, аны ыйык сактап, сыйынып, ага залал келтирбестен аны менен эриш-аркакта жашоо зарыл; жандуу, демдүү жана сакралдык табият дайыма адамдын иш-аракеттерине өбөлгө, башат болуп турат. «Болмуштун табияттык көрүнүштөрү Борбордук Азиянын салттуу ойломунун баалуулуктар системасында үстөмдүк кылып турушат…» [4].

Кыргыз элинин экологиялык каада-салттарына, алардын маданий-руханий маңызына, этностук идеалдарына, мүдөө-талаптарына, калктын күнүмдүк аң-сезиминде, жалпы эле дүйнө таанымында кеңири маани берилген. Мисалы, «Эмне улук?» – деген суроого ата-бабаларыбыз төмөнкүчө жооп беришкен:

Теңир улук, күн улук,
Төбөсү ачык көк улук.
Жан-жаныбар бүт улук,
Жарык улук, от улук.
Төшү түктүү жер улук [5].

Берилген ыр саптар биринчи орунга курчап турган реалдуу дүйнөнү - бүтүндөй Ааламды, Асманды, Күндү, жандуу жаратылышты, жерди, отту, андан кийин гана адамдарды койгон кыргыздардын экологиялык каада-салттарын кеңири чагылдырып турат. Аалам, Табият - табигый бүтүндүк, ал эми адамдар - анын ажырагыс, бөлүнбөс бир бөлүгү. Мындай дүйнө түшүнүм элибизде курчап турган жаратылыш менен шайкештикте жашоо зарылдыгын билдирген, табигыйлуулукту сактоо, баалоо жөрөлгөсүн калыптандырган. Кыргыздар байыртадан эле көчмөн калк болуу менен курчап турган чөйрө менен тыгыз мамиледе жашап келишкен, алар эч качан өзүлөрүн табияттын «кожоюну» (андан бийик, кудуреттүү) катары сезишкен эмес, тескерисинче, өзүлөрүн анын улуу табиятта (анын мейкиндигинде) жашашкан мүчөлөрү катары сезишкен.

Нукура табигый дүйнө калкыбыздын жашоо-турмуштук түшүнүмдөрүндө кандайдыр-бир баалуу, түбөлүктүү (органикалык) бүтүндүк катары сезилген. Андан сырткары социалдык жыргалчылык, коомдун пайда болуусунун, өнүгүүсүнүн жана жамааттардын болмушунун рухий негиздери социумдагы калыптанган моралдык нормаларды [6] калетсиз сактоодон эле эмес, табиятка болгон мамилелерден да көз каранды деп элестетилген. Салттуу дүйнө таанымда табияттын өзүндөгү кубулуштардын табигый (нормалдуу же оптималдуу) функцияланышы адамдардын, жамааттардын ыймандыкка сугарылган жүрүм-турумуна, акыл-эс дараметине, этностук, улуттук идеясына, идеалына, менталитетине жана рухий-гуманисттик аракетине байланыштуу деген ой-бүтүм калыптанган. Качан элде адеп-ахлак төмөндөп, социалдык нормалар сакталбай, жарандарды келечекке багыттаган идея калыптанбай, жаратылыш объектилеринин кубулуштарынын баалуулуктары эске алынбай калган мезгилде табияттагы кырсыктар (аномалиялар) зарыл пайда болот деген ишеним калкта кеңири тараган [7].

Демек, экологиялык каада-салттар улуттун, этностун маданиятынын, айрыкча экологиялык маданияттын олуттуу тарабын түзүү менен өзүнүн мейкиндик-мезгилдик континиумдагы калыптанышында, өнүгүүсүндө адамдар менен табияттын түрдүү байланыштарынын татаалдыгынын, динамикалуулугунун чагылышы болуп саналат. Мындай салттуулук жарандардагы, жамааттарды табигый башталманы жана жаратылыштагы социумдук субъекттик дүйнөлөрдү шайкеш, гармониялуу туюнтууну мүнөздөйт. Ушул

жагдайдан алганда экологиялык маданияттын олуттуу тарабын билдирген экологиялык каада-салттар кутман элибиздин зарыл руханий императиви, маданий дөөлөттөрдү өзүнө сиңирген социалдык-экологиялык квинтэссенция иретинде этникалык, улуттук өнүгүүдөгү, келечекке багытталган социалдык-маданий ориентациясынын, максаттуу идеясынын өзөгү, калыптаныш денгээли болуп саналат [8].

**Адабияттар:**


1. Андреев А.П., Селивано А.И. (2004). Русская традиция. -М.,; Буева Л.П. Социокультурный опыт и механизмы его освоения человеком // Культурный прогресс: философские проблемы. -М., 1984; Власова Б.В. Традиция как социально-философская категория // Философские науки. -1980. -№4; Лучанкин А.И. Методологические проблемы исследования традиций народной культуры // Философские науки. -1986. -№6 ж.б.

2.Киселев Н.Н. (1987). Влияние экологических исследований на стиль мышления в современной науке // Интегрирующая функция экологии в современной науке (в помощь методологическим семинарам) –Сб. научных трудов. –Киев,. -б. 9

3. Аманалиев Б.А. (1963). Из истории философской мысли киргизского народа. -Фрунзе,. -б.15

4. Токтосунова А.И. Традиционная система мышления номадов как источник развития кочевой культуры // Центральная Азия и культура мира. -2006. -№1-2. 103-б.

5. Жусупов К. (2006). Кыргыздардын байыркы маданияты. –Бишкек: Байтик,. 41-б3. 6. Жумагулов М.Ж. Экологическая ситуация как объект философского анализа. –Бишкек: Илим, 2001. -б.64

6. Yachina, N. (2015). The Problem of Spiritual and Moral Formation of Personality, Procedia - Social and Behavioral Sciences, Volume 197, Pages 1575-1579, https://doi.org/10.1016/j.sbspro.2015.07.113

7. Жумагулов М.Ж. (2001). Экологическая ситуация как объект философского анализа. –Бишкек: Илим,. -б. 64

8. Rondinelli, D.A., Berry, M.A. (2000). Environmental citizenship in multinational corporations: social responsibility and sustainable development, European Management Journal, Volume 18, Issue 1, Pages 70-84, https://doi.org/10.1016/S0263-2373(99)00070-5